КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# 9

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН БЮЛЛЕТЕНИ

# СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМИН ТЕКШЕРҮҮНҮН МОДУЛДУК-РЕЙТИНГДИК СИСТЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Ош – 2011

Ош мамлекеттик университетинин бюллетени. № 9. Студенттердин билимин текшерүүнүн модулдук-рейтингдик системасы жөнүндө жобо. – Ош: Ош МУ. Билим, 2011. – 11 б.

Ош МУнун Кичи Окумуштуулар Кеңешинин 2011-жылдын 28-мартындагы №23-жыйынында кабыл алынган жана Ош МУнун ректорунун 2011-жылдын 29-мартындагы №131-буйругу менен бекитилген.

Жободо Ош мамлекеттик университетинде окуу процессин уюштуруу, студенттердин билимин текшерүүнүн модулдук-рейтингдик системасы, учурдагы текшерүүнү уюштуруунун тартиби, семестрдик текшерүүнү уюштуруу, студенттердин дисциплина боюнча семестр, окуу жылы жана жалпы окуу мөөнөтү ичинде рейтингдерин аныктоо, окутуунун модулдук-рейтингдик системасын «AVN» информациялык системасынын каражаттары менен уюштуруу, дисциплинанын технологиялык картасын түзүү каралган.

## Мазмуну

1. Жалпы жобо....................3
2. Окуу процессин уюштуруу....................4
3. Студенттердин билимин текшерүү....................5
4. Учурдагы текшерүүнү уюштуруунун тартиби....................6
5. Семестрдик текшерүүнү өткөрүүнү уюштуруу....................7
6. Студенттердин дисциплина боюнча семестрдеги, окуу жылындагы жана жалпы окуу мөөнөтүндөгү рейтингдерин аныктоо....................8

© Ош мамлекеттик университети, 2011

**Студенттердин билимин текшерүүнүн модулдук-рейтингдик системасы жөнүндө ЖОБО**

Бул жобо Кыргыз Республикасынын билим, илим жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан сунушталган «Студенттердин билимин текшерүүнүн рейтингдик системасынын типтүү жобосуна» (Нормативно-методическое обеспечение работы кафедры вуза. Бишкек, 2006) ылайык түзүлдү.

**Рейтинг** – студенттин билим деңгээлин (жетишүүсүн) баалоонун жекече сандык көрсөткүчү.

**Текшерүү** – коюлган маселелердин системалуу аткарылышынын деңгээлин аныктоону ишке ашыруу.

**Билимди баалоонун рейтингдик системасы** – студенттердин билим деңгээлин аныктаган жекече сандык көрсөткүчтү аныктоочу каражаттардын жыйындысы.

**Модуль** – окуу дисциплинасынын логикалык жыйынтыкталган блогу.

**СӨАИ** – студенттердин өз алдынча иштери.

**СОИИ** - студенттердин окуу-изилдөө иштери.

**СИИИ** - студенттердин илимий-изилдөө иштери.

## 1. Жалпы жобо

1.1. Студенттердин билимин баалоонун рейтингдик системасы эки негизги жобо менен мүнөздөлөт:

- дисциплиналар кандайдыр логикалык жыйынтыкка ээ болгондой өзүнчө блокторго бөлүнүп окутулат;
- студенттердин билимин текшерүү анын комплекстүү рейтинги менен бааланат.

1.2. Студенттердин ЖОЖдо окуган мезгилиндеги билим деңгээлдерин текшерүүдө рейтингдик системаны колдонуу, аларды жогорку деңгээлдеги адис катары тарбиялоого чоң өбөлгө түзүп, төмөнкү маселелерди ийгиликтүү чечүүгө шарт түзөт:

- студенттердин семестр ичинде активдүү жана бир калыпта иштөөсү;

- студенттердин өз алдынча иштеринин эффективдүүлүгүн кеңейтүү, тереңдетүү жана жогорулатуу;

- студенттердин билим деңгээлинин жана профессионалдуулук даярдыгы боюнча так жана объективдүү баа алуу;

- окуу процессин уюштуруунун сессиясыз графигине өтүүгө жетишүү.

1.3. Рейтингдик текшерүүнүн негизги принциптери төмөнкүлөрдөн турат:

- окутуунун ар бир этабында студенттин билим деңгээлин тынымсыз текшерүү;

- билим деңгээлди текшерүүнүн ар бир этаптагы жыйынтыгын кийинки этаптардагы жыйынтыктар менен жалпылоо, дисциплина боюнча рейтингди аныктоо, семестр, окуу жылы жана жалпы окуу мөөнөтү ичиндеги студенттин суммардык жалпыланган рейтингин аныктоо;

- тайпа, адистик, курс боюнча студенттердин рейтингин аныктоо;

- дисциплиналар боюнча рейтингди аныктаган баллдарды кадимки баалоонун системасына которуу мүмкүнчүлүгү.

1.4. Билимди текшерүү үч деңгээлден турат:

1-деңгээл – учурдагы текшерүү;

2-деңгээл – аралык “семестрдик” текшерүү;

3-деңгээл – мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы.

1.5. Окуу процессин уюштуруу «AVN» информациялык системасы менен жүргүзүлөт.

## 2. Окуу процессин уюштуруу

2.1. Окуу программалары ар бир семестрде *модулдар* деп аталган бир канча сандагы модулдарга бөлүнөт. Модулдар дисциплинанын программасынын логикалык жыйынтыкка ээ болгон бөлүгү болот да, текшерүүнү талап кылган билимдердин жана көндүмдөрдүн комплекси болуп эсептелет.

2.2. Семестр ичинде билим деңгээлди текшерүү модулдар аркылуу жүргүзүлөт.

2.3. Семестрдеги модулдардын саны аудиториялык сааттардын көлөмүнө жараша аныкталат:

| Семестрдеги аудиториялык сааттардын саны | Модулдардын саны |
|---|---|
| 36 саатка чейин | 1 |
| 37 ден 72 саатка чейин | 2 |
| 73 төн жогору болсо | 3 |

2.4. Жумушчу программадагы модулдардын санына жараша дисциплинанын технологиялык картасы түзүлүп, анда лекциялык, практикалык сабактарга, СӨАИ ж.б. сабактын формаларына тиешелүү сааттардын, баллдардын көлөмү көрсөтүлөт.

### 3. Студенттердин билимин текшерүү

3.1. Билимди текшерүү окуу жыл ичинде жүргүзүлөт.

3.2. Текшерүүнү жүргүзүүнүн бардык формаларында студенттердин билимдерин баалоо **100** баллдык система менен аныкталат.

3.3. Учурдагы студенттин билимин текшерүүнүн формасы кафедра тарабынан белгиленет. Учурдагы текшерүүнүн тесттик, билеттик, контролдук иш, семинарлар, коллоквиумдар, долбоорлордун бет ачары, үй тапшырмасы, лабораториялык иштердин отчеттору, эсеп-графикалык иштер, рефераттар, кошумча суроолор, аңгемелешүү, ж.б. формалары болушу мүмкүн. Текшерүүнүн компьютердик жана бланкалык тесттик формалары максатка ылайыктуу болот.

3.4. Студент модулдун материалдарын өздөштүрүп бүткөндөн кийин билимин баалоо жүргүзүлүп, тиешелүү балл менен бааланат.

3.5. Семестрдеги ар бир дисциплина 100 балл менен бааланат. Баллдарды модулдарга бөлүштүрүү материалдын маанилүүлүгүнө жараша технологиялык карта аркылуу ишке ашырылат. Жалпы балл (100) модулдарга жана сабактардын түрлөрүнө (лк., пр., сем., лб.) бөлүштүрүлөт.

3.6. Баллдар окуу пландагы сабактардын ар бир түрүнө (жекече сабактар менен бирге) бөлүнгөн сааттардын көлөмүнө пропорционалдуу тартипте бөлүштүрүлөт.

3.7. Практикалык, семинардык, лабораториялык сабактарга бөлүнгөн модулдун баллдары үй тапшырманы, СӨАИ, эсеп-графикалык маселелерди эске алуу менен бирдей бөлүштүрүлөт. Ар бир сабак боюнча

эң жогорку балл «жакшы» жана «эң жакшы» билимдерин, активдүүлүгүн көрсөтө алган студенттерге гана коюлат.

3.8. Кафедранын чечими менен кошумча кызыктыруучу баллдар киргизилиши мүмкүн: СОИИ үчүн, реферат даярдоого, окуу дисциплинасы боюнча рефеpативдик докладга - 3 баллга чейин; СИИИ үчүн, илимий докладка; олимпиададагы жакшы жыйынтыгы, жарыкка чыккан эмгектерине - 5 баллга чейин коюлат.

3.9. Курстук иштер жана долбоорлор, өндүрүштүк практикалар өз алдынча окулуучу дисциплина катары эсептелип, дифференциалдык зачет коюлуп баллдар менен бааланат.

3.10. Тематикалык модулду балл менен баалоодо, модул кабыл алынгандыгын тастыктоочу минималдык баллдардын саны (пороговый) аныкталышы зарыл.

3.11. Сабактарды калтырган жана калтырган сабактарын кайра тапшырбаган, тапшырмаларды, СӨАИ, эсеп-графикалык маселелерди ж.б. аткарбаган студенттин тиешелүү түрдө баллы азайтылат.

3.12. Лабораториялык, эсеп-графикалык маселелерди жана практикалык, семинардык сабактардын тапшырмаларын мөөнөтүнөн кеч калып тапшыргандарга ар бир тапшырманын баллы 50%га чейин кемитилет.

## 4. Учурдагы текшерүүнү уюштуруунун тартиби

4.1. Учурдагы текшерүү дисциплинанын жумушчу программасына ылайык, деканат тарабынан түзүлгөн графиктин негизинде модулдарды тапшыруу жолу менен ишке ашырылат.

4.2. Учурдагы текшерүү: сабак учурларында, окутуучуга модул кабыл алганга жана студенттердин өз алдынча иштөөсүнө бөлүнгөн сааттардын негизинде кафедра тарабынан түзүлгөн график боюнча жүргүзүлөт.

4.3. Лабораториялык жана практикалык сабактар боюнча рейтингдик текшерүү түздөн-түз аталган сабактарда жүргүзүлүп, текшерүүнүн жыйынтыгы тайпалык журналга белгиленип, аттестациянын жыйынтыгы боюнча маалымат лекторго билдирилет.

4.4. Лекциялык материал боюнча текшерүүнү лектор жүргүзөт. Кафедранын (лектордун) чечиминин негизинде лекциялык материалдар боюнча текшерүүгө лабораториялык, практикалык жана семинардык сабактарды өткөн окутуучулар катыштырылат.

4.5. Учурдагы текшерүүгө себепсиз катышпаган студент нөл балл менен бааланып, ведомостко сабактардын башка түрлөрүндөгү

жетишүүсү коюлат. Келбей калган күндөгү модулду кайра тапшырууга уруксат берилбейт. Жүйөлүү себеп менен тапшырылбай калган модул факультеттин деканатынын уруксаты менен кошумча уюштурулат.

## 5. Семестрдик текшерүүнү өткөрүүнү уюштуруу

5.1. Окуу планындагы бардык дисциплиналардын жыйынтыктары эки категорияга бөлүнүп бааланат: зачет, экзамен.

5.2. Семестрдин акыркы жумасында (зачеттук жума) жыйынтыгы зачет менен аяктаган жана акыркы калган модул (лекциялык материалдардын калган бөлүгү) уюштурулат. Ушул эле жумада курстук иштер жана долбоорлор тапшырылат.

5.3. Зачеттук жумада лабораториялык, практикалык, семинардык ж.б. сабактардын түрлөрү боюнча текшерүү жыйынтыкталып, лекторго маалымат берилет.

5.4. Эгерде студент семестр ичинде лекциялык материалдар боюнча бардык модулдарды тапшырган, ошондой эле лабораториялык, практикалык, семинардык сабактардан, эсеп-графикалык маселелер боюнча аттестациядан ийгиликтүү өтүп, алардын ар бири боюнча алган баллдарынын жыйынтыгы 51 баллдан кем болбогон студент автоматтык түрдө жыйынтык баасын же семестрге зачет алат.

5.5. Экзамен менен жыйынтыкталуучу дисциплиналар үчүн текшерүүнү уюштуруу деканат тарабынан түзүлгөн расписаниенин негизинде семестрдик текшерүүнүн эки жумасында жүргүзүлөт.

5.6. Семестрдик текшерүүгө учурдагы текшерүүдөн карыз болгон студенттер сөзсүз катышат. Ошондой эле өзүнүн рейтингин көтөрүүнү каалаган студенттер да катышууга укуктуу.

5.7. Экзамен жана зачет менен жыйынтыкталган бардык дисциплиналар боюнча ведомостко студенттин билим деңгээлин аныктаган жыйынтык балл (51-100) коюлушу зарыл.

5.8. Дисциплина боюнча жыйынтык балл ($Ж_{балл}$) төмөнкүдөй табылат:

$$Ж_{балл}=У+Д+И,$$

мында ***У=К1+К2+...*** - учурдагы ар түрдүү формадагы текшерүүлөр;
***Д*** – кошумча текшерүү (Дополнительный контроль), ***И*** – жыйынтыктоочу текшерүү (Итоговый контроль).

5.9. Дисциплина боюнча экзамендик жыйынтык баа ведомостко жана зачеттук китепчеге төмөнкү эрежеге ылайык коюлат:

51 - 67 балл – «канааттандыраарлык» («3»);
68 - 84 балл – «жакшы» («4»);
85 - 100 балл – «эң жакшы» («5»).

5.10. Семестрдик текшерүүдө карызы бар студент ЖОЖдун сессия уюштуруу жөнүндөгү жобосунун негизинде кайра тапшырууга укуктуу.

**6. Студенттердин дисциплина боюнча семестрдеги, окуу жылындагы жана жалпы окуу мөөнөтүндөгү рейтингдерин аныктоо**

6.1. Бир адистикте окуган студенттердин курстагы, агымдагы, семестрдеги, окуу жылындагы ж.б. билим деңгээлдерин аныктоо максатында студенттин рейтинги аныкталат.

6.2. Студенттин рейтинги семестр, окуу жылы, жалпы окуу мөөнөтү ичинде топтогон баллдарынын орточо саны аркылуу аныкталат:

$$P = S_б / n,$$

мында $S_б$ – семестрдеги дисциплиналардан топтогон баллдардын суммасы, $n$ – дисциплиналардын саны (окуу жылындагы, жалпы окуу мөөнөтүндөгү).

6.3. Эгерде дисциплина эки же андан көп семестр окутулса, анда жыйынтык баа семестрлердеги топтогон баллдарынын орточо суммасы аркылуу аныкталат.

6.4. Рейтингдин негизинде Ош МУнун мыкты студентин аныктаган хитпарад түзүлөт.

6.5. «Ош МУнун мыкты студенти» ар бир окуу жылдын жыйынтыгы боюнча аныкталат.

# Технологиялык картаны түзүүгө көрсөтмөлөр

Модулдук-рейтингдик системасында окутууну уюштуруу жумушчу программанын **технологиялык картасын** түзүүдөн башталат.

**Технологиялык карта** - окуу планы боюнча дисциплинага бөлүнгөн аудиториялык сааттардын окутулуучу материалдардын көлөмүнө жараша модулдарга бөлүштүрүлгөн саатгарынын жана студенттердин билимин 100 баллдык системада баалоо үчүн ажыратылган баллдардын таблицасы болуп эсептелет.

**1-мисал.** ***Аудиториялык сааты – 36 [лекция – 22, практика (семинар) – 14], СӨАИ – 24 саат болгон жана отчеттуулугу экзамен (зачет) менен бүткөн дисциплинанын технологиялык картасы.***

Технологиялык картаны төмөнкүдөй түзүүгө болот. Аудиториялык саат 36 болгондуктан, модулдун саны 1 ге барабар болот. Студенттин билимин баалоо үчүн 100 баллды пропорционалдуу түрдө төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт: 100 баллдын 50%ы (б.а. 50 балл) - студенттин теориялык материалдарды өздөштүргөндүгү үчүн, 40%ы (б.а. 40 балл) - практикалык материалдарды өздөштүргөндүгү үчүн, 10%ы (б.а. 10 балл) өз алдынча иштөөгө берилген материалдарды өздөштүргөндүгү үчүн ажыратылат (1-таблица).

1-таблица. Технологиялык карта.

| Дисциплинанын аталышы | Жалпы саат | Ауд. саат | СӨАИ | 1-модул (36 саат, 100 балл) | | | Семестрде топтолгон максималдык рейтингдик балл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Ауд. саат | | СӨАИ (СОУИ, СИИИ) | |
| | | | | Лекция | Практика | | |
| | 60 | 36 | 24 | 22 саат | 14 саат | 24 саат | |
| Модулга берилген баллдар | | | | 50 | 40 | 10 | |
| Модулдун жыйынтыгы | | | | К1=50+40+10=100 балл | | | У=К1=100 балл |

**2-мисал.** ***Аудиториялык сааты – 72 (лекция – 44, практика – 28), СӨАИ – 48 саат болгон жана отчеттуулугу экзамен (зачет) менен бүткөн дисциплинанын технологиялык картасы.***

Технологиялык карта төмөнкүдөй түзүлөт. Аудиториялык саат 72 болгондуктан, модулдардын саны 2 ге барабар болот. Аудиториялык саатгарда өтүлө турган материалдардын мазмунуна жана көлөмүнө жараша эки бөлүккө бөлүнөт. Бул учурда эки вариантты сунуштоого болот.

**1-вариант.** Эгерде бөлүктөргө бөлүнгөн материалдардын көлөмү дээрлик барабар болсо, анда 1-модулга 36 саат, 2-модулга да 36 саат ажыратылат. Ошондуктан аудиториялык сааттар 2-таблицада көрсөтүлгөндөй модулдарга бөлүштүрүлөт. 100 баллды эки модулга бөлөбүз: 1-модулга - 50 балл, 2-модулга - 50 балл. 1-мисалдагыдай эле 1-модулга бөлүнгөн 50 баллдын 50%и (мисалы, 24 балл) теориялык материалдарды өздөштүргөндүгү үчүн, 40%и (мисалы, 20 балл) практикалык материалдарды өздөштүргөндүгү үчүн, 10%и (мисалы, 6 балл) өз алдынча иштөөгө берилген материалдарды өздөштүргөндүгү үчүн ажыратылат. Ушундай эле жол менен 2-модулга бөлүнгөн 50 балл да пропорционалдуу түрдө бөлүнөт жана жалпы жыйынтык 2-таблицадагыдай жазылат.

2-таблица. Технологиялык карта

| Дисциплинанын аталышы | Жалпы саат | Ауд. саат | СӨАИ | 1-модул (36 саат, 50 балл) | | | 2-модул (36 саат, 50 балл) | | | Семестрде топтолгон максималдык рейтингдик балл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Ауд. саат | | СӨАИ | Ауд. саат | | СӨАИ | |
| | | | | Лекция | Практика | | Лекция | Практика | | |
| | 120 | 72 | 48 | 22 саат | 14 саат | 24 саат | 22 саат | 14 саат | 24 саат | |
| Модулдарга берилген баллдар | | | | 24 | 20 | 6 | 24 | 20 | 6 | |
| Модулдардын жыйынтыгы | | | | К1=24+20+6=50 балл | | | К2=24+20+6=50 балл | | | У=К1+К2=100 балл |

**Эскертүү.** Студенттердин өз алдынча иштөөгө (СӨАИ) берилген материалдарды өздөштүргөндүгү боюнча модул алууда студенттердин окуу-изилдөө иштерин (СОИИ) жана студенттердин илимий-изилдөө иштерин (СИИИ) да эске алуу керек.

**2-вариант.** Бөлүктөргө бөлүнгөн материалдардын көлөмү ар түрдүү болсо, мисалы 1-бөлүк жалпы материалдын 42%ин түзсө, анда 1-модулга 30 саат, 2-модулга 42 саат ажыратабыз жана 3-таблицада көрсөтүлгөндөй модулдарга бөлүштүрүлөт. 100 баллды эки модулга бөлөбүз. Мисалы, 1-модулга - 40 балл, 2-модулга - 60 балл беребиз. 1-мисалдагыдай эле 1-модулга бөлүнгөн 40 баллдын 50%и (мисалы, 20 балл) теориялык материалдарды өздөштүргөндүгү үчүн, 40%и (мисалы, 16 балл) практикалык материалдарды өздөштүргөндүгү үчүн, 10%и (мисалы, 4 балл) өз алдынча иштөөгө берилген материалдарды өздөштүргөндүгү үчүн ажыратылат. Ушундай эле жол менен 2-модулга бөлүнгөн 60 балл да пропорционалдуу түрдө бөлүнөт жана жалпы жыйынтык 3-таблицадагыдай жазылат.

3-таблица. Технологиялык карта

| Дисциплинанын аталышы | Жалпы саат | Ауд. саат | СӨАИ | 1-модул (30 саат, 40 балл) | | | 2-модул (42 саат, 60 балл) | | | Семестрде топтолгон максималдык рейтингдик балл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Ауд. саат | | СӨАИ | Ауд. саат | | СӨАИ | |
| | | | | Лекция | Практика | | Лекция | Практика | | |
| | 120 | 72 | 48 | 18 саат | 12 саат | 20 саат | 26 саат | 16 саат | 28 саат | |
| Модулдарга берилген баллдар | | | | 20 | 16 | 4 | 30 | 24 | 6 | |
| Модулдардын жыйынтыгы | | | | К1=20+16+4=40 балл | | | К2=30+24+6=60 балл | | | У=К1+К2=100 балл |

**3-мисал.** ***Аудиториялык сааты – 36 (лекция – 18, практика – 8, лаборатория - 10), СӨАИ – 24 саат болгон жана отчеттуулугу экзамен (зачет) менен бүткөн дисциплинанын технологиялык картасы.***

Аудиториялык саат 36 болгондуктан, модулдун саны 1 ге барабар болот. 100 баллдын 10%и (10 балл) өз алдынча иштөөгө берилген материалдарды өздөштүргөндүгү үчүн ажыратылат. Калган 90 балл 18, 8 жана 10 сандарына пропорциялуу түрдө бөлүнөт. Ал үчүн 18, 8 жана 10 сандары 36 санынын кандай үлүштөрүн түзө тургандыгы аныкталат, б.а. 18/36 = 0,5; 8/36 ≈ 0,22; 10/36 ≈ 0,28 катыштары табылат. Андан кийин 90 саны ушундай ышта бөлүнөт, б.а. 0,5х90 = 45; 0,22х90 ≈ 20; 0,28х90 ≈ 25. Демек, теориялык материалдарды өздөштүргөндүгү үн - 45 балл, практикалык материалдарды өздөштүргөндүгү үчүн – 20 балл, лабораториялык материалдарды дөштүргөндүгү үчүн - 25 балл берүүгө болот. Бул учурда технологиялык картаны 4-таблица түрүндө көрсөтүүгө лот.

4-таблица. Технологиялык карта

| Дисциплинанын аталышы | Жалпы саат | Ауд. саат | СӨАИ | 1-модул (36 саат, 100 балл) | | | | Семестрде топтолгон максималдык рейтингдик балл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Ауд. саат | | | СӨАИ | |
| | | | | Лекция | Практика | Лаборат. | | |
| | 60 | 36 | 24 | 18 саат | 8 саат | 10 саат | 24 саат | |
| Модулга берилген баллдар | | | | 45 | 20 | 25 | 10 | |
| Модулдун жыйынтыгы | | | | К1=45+20+25+10=100 балл | | | | У=К1=100 балл |